# САЯСАТ-
# САБЫРДУУЛУК САПТАРЫНДА



Бишкек - 2005

Формуляр книги
93545
Момунтаева А.

Арзыкан Момунтаева

# Саясат – сабырдуулук саптарында.

*Окурмандар үчүн.*

Бул жыйнактын чыгышына №55 шайлоо окуругундагы Жарандардын өз ара шайлоодон кийинки чыр-чатактары себеп болду. «Жүрөктөн чыккан сөз – жүрөккө жетет» демекчи, автор бүгүнкү коомду, саясатты, ак менен караны, жарандын кейип керип, бийлик-оппозиция, депутат, пикеттер туралуу баяндайт.

Укук-коргоочу автордун Буга чейин да үч жыйнагы чыккан.

**Бул жыйнакты чыгарууга финансы жагынан колдоо көргөзгөн ПРООН, ОБСЕге жана “Толеранттуулук үчүн” коомдук фондусуна ыраазычылык билдиремин**

Инв. № 93545-215

## МАЗМУНУ


Шайлоо, шайлоо, оо шайлоо (ыр түрмөк)............ 7
Депутат............ 8
Пикетчилер............ 9
Аял жана кыймыл............ 10
Оппозиция............ 11
Ок. Депутат жана мен............ 11
Бийлигин кызыл түлкүбү............ 12
Жүдөдү ак үй имарат............ 13
Наалаты............ 14
Асакем биздин есенин............ 14
Шайлообек дуйшеевге............ 15
Доблубас уруп саадак как............ 16
Азиза Адырасулова............ 17
Бубусара Рыскулова............ 17
Толокан Исмаилова............ 18
Рая Кадырова............ 18
Не пайда............ 18
Ынтымак............ 19
Корком............ 20
Күнөөлүүсүң сен өзүң............ 21
Кыргыз аялдарынын бийликке жазган ачык каты..... 22
Арабасын турмуштун туртуп келем............ 23
Душман күтпөйм, эгер болсо женемин............ 23
Замана сенин көчүң кайда барат?............ 24
Ач көз (легенда)............ 25
Кара өзгөй............ 29
Калыс............ 30
Жалгызым, жалгыз гана мекеним бар............ 30
Төрт мезгилим............ 31
Өчө көрбө үмүтүм............ 31





Үч жүрөк (легенда)............ 33
Кул............ 36
Аял наркы............ 36
Азаттык............ 38
Лаппайбек............ 39
Эне – айыл............ 39
Мен акыйкат тарапта............ 40
Арноо – каалоо............ 41
Уурдалган сүйүү............ 41
Акча издеп кеткен доско............ 42
Жетим ыр............ 42
Көр бала (дастан)............ 43
Бешиктен бейитке кеткен жол............ 46
Батарын күндүн ойлодум............ 47
Өтпө өмүр............ 48

## СЕЗИМДЕРГЕ НУР ЖАРАТКАН САПТАР.

Доор жаңырып, заман оошуп, тарыхтын эгерим тыным албаган сапары көч улап баратканын кээде акындын бир сап ыры эсиңе салат. Эсиңе салат дагы сезимиңди дүрт жандырып, бу жашоо тиричиликтеги адам баласы аяр тутуп, аздектеп жүрө турган улуу түшүнүктөр жөнүндөгү ой санаасына бүлүк салат. Антпеген ырдагы ырбы…Жүрөгүң жара тээп жаралган ыр гана ушндай күчкө ээ болот тура.

Ымандай ыр саптары менен өзүн кыргызга аттын кашкасындай тааныткан акын Арзыкан Момунтаеванын ушул жолку тепкедей жыйнагынын жаралышы өзүнчө бир окуя: 2005-жылдын 24-мартындагы кыргыздын карт тарыхын жаңырткан элдик ыңкылаптын алдындагы чоң шайлоодо Таластагы депутаттык таймаштар «Куру намыстын» кесепети менен коштолуп, бөлүнүп-жарылуу өнөкөттөрү, арыздашып арга издемей, элибиздин эзелтен берки кадыр туткан, эчен кыйын кысталышта туңгуюктап жол таптырган ырыс алды ынтымагын, кайрат- күч, дем берген кайрымдуулугу менен адамгерчилигинин сөөлөтүн кемитпей, жүзүн жаркытып, турмушун бакубат кылып келаткан ыйманын тебелеп, бир эл, бир журт жааттешууга алдырып турганда жазылган саптар китепченин өзөгүн түзөрүн «Аял жана кыймыл» деген ырында:

«Солкулдап турган мекендин күрөө тамыры,
Согушу анын денемди өткөн аралап.
Канчалык оор болсо да өткөн мезгилим,
Карайлап кылам жакшылык үчүн далаалат», - деп баяндайт.

Ал эми ушул теманын тегерегиндеги «Оппозиция», «Депутат», «Заман сенин көчүң кайда барат?», «Пикетчилер» деген ырларын жыйынтыктап тургансыган «Шайлоо, шайлоо, оо шайлоо» циклиндеги:

Калбай жекжаат, коңшу-колоң, таанышың,
Карбаластап добуш сурап агат тер.., деген саптар депутатка талапкерлердин тукурутуна аралашып, «сел болуп» толкуп алган шайлоочулардын турпатын даана чагылдырат.

Турмуштун ачуу-таттуусун, ысык-суугу менен «ички күрөштөрдүн» нака себептерин өзү адам укугун коргоочу катары дүйнөнүн далай өлкөлөрүндө аралап жүрүп каныккан сезимтал туюму менен аңдаган А.Момунтаева «саясый сасыткы» оюндардын түбү эмне менен бүтөрүн ачып, адамдарды бөлүнүп-жарылуудан коргоп, сабырдуулукка, калыстыкка чакырат.

«Эрегиштен эр өлөт, анын пайдасын ким көрөт» демекчи, жаман жоруктун күнүмдүк жашоо турмушубузга сүңгүп кирип, орун очок алып, келечегибизге кедергиси тийбесе экен деп «Пикетчилер» деген ырын жаратат. Күжүлдөгөн тиричилигинен адашып, бала чакасына карабаган энелер күн-түн дебей суудай агылып, шаарды камалап, бирине-бири ээ жаа бербей алкынып, атаандашып жакалап, айласын куруткан пикеттеги аялдардын түспөлү:

Келгендигин колко кылып «төлө» деп,
Кээ бирлери жарыбаган пара алып.
Мыйзам атын, же максатын билбеген,
«Маңкурт» болгон пикетчиден тажадык, - деген саптарынан көз алдыбызга тартылат. Бул ырында акын Аял катары, Эне катары мындай жосунсуз жорукка жүрөгү сыздайт. Каңырыгы түтөп, жашообуздун башаты, аруулуктун угуту, мээримдүүлүкз менен айкөлдүктүн үлгүсү, аял атынын ыйык наамына шек келтирбей, үйбүлөнүн тиреги болууга үндөп турат. Деги эле турмуш

көрөңгөсүн бирде ыйлап, бирде ырдап өтөп, күндөрдүн чиелешкен өрүмүн эшип келатканын баяндап келип, ал адам өмүрүнүн чексиз сапарын «Арабасын турмуштун тартып келем» деген ырында минтип элестүү саптарга кынаптайт:

Кырк бир жолу жашасам ыракаттуу,
Кырк бир жолу кырс этип өлүп келем.
Өйдө жактан калкысам суу үстүнө,
Ошончо ирээт түбүнө чөгүп келем.

Турпаты, дили чындыктан жаралган адам гана чыгармачылыктын тубаса көрөңгөсүнүн керемети менен турмуш ыргагын ушинтип ажайып ачып бере алат.

Жыйнак көлөмү жагынан чакан болсо да тутумуна көп кырдуу мазмунга бай адамдарды сабырдуулукка, топуктуулукка чакырган «Көр бала» жана «Ач көздүк» дастандарын жана турмуштун кырды бычак көйгөйлөрүн көөнүбүзгө салган түркүн тематикадагы бүгүнкү саясатты поэзия кылып калыстык талаасына чакырат. Акыйкат менен чындыкты алаканына салып көрсөтөт. Бул жагынан А.Момунтаеванын поэзия аркылуу окурмандарын чырга эмес ырга, уруш-жанжалга эмес , ынтымакка келип ак-караны өз көзүң менен көрүп,колуң менен карма дегенсийт..Адамдардын укугун аздектеген акын өзүнүн чыгармачылык тегирменине салып жүрөгүнөн чыккан ырлары аркылуу шайлоодон кийин жаатташа калган калкка жаман-жакшы айтышып ичи муздашкан бир аймактын аял-эркегине накта элдик нукта ыр менен кашкайган чындыкты айтып кайрылуу жасайт

Токтогул Ибрагимов
Кыргызстан Улуттук Жазуучулар
Союузунун Талас бөлүмүнүн төрагасы



# ШАЙЛОО, ШАЙЛОО, ОО ШАЙЛОО
**(ыр түрмөк)**

## I ЫР

Жыйырма – отуздан бир орунга талапкер,
Жыргап жүрөт кырк – элүүдөн саяпкер.
Калбай жээк-жаат, коңшу – колоң, өң тааныш,
Карбаластап добуш сурап агат тер.
Кулап көбү азы калат артында,
Куруп кетсин эми азабы башталат.
Депутаттык делебеге ат коюп,
Кайран бийлик «пери» болуп каш кагат.
Менин дагы үй-бүлөмдө экөөбүз,
Мен – сен дешип бөлүнүшүп кетебиз.
Бүт кыргыздар бөлүнүшүп жатканда,
Бүлөбүздү бөлбөгөндө нетебиз.

## II ЫР

Шайлоо, шайлоо бизге шаттык апкелчи,
Шаарым менен элетиме бат келчи.
Күлүктөрдөн күлүк чыкса бактыма,
Күндө күмүш, айына алтын таап келчи.
Алтыныңдан ак мектепти курайын,
Күмүшүңдөн күндө бир иш кылайын.
Талапкерлер бирдей эмес антсе да,
Татыктуулар утушса экен ылайым.!

## III ЫР

Тээ илгерки жонундагы тону бар,
«Темирландай» ар уруунун чоңу бар.
Деңгээлиңди жөндөмүңдү коё тур,
Депутаттын талапкери болуп ал.

Колосуңбу, узунсуңбу караба,
Коллоо сура, айылыңды арала.
«Сасык», «Чылык», «Былык» деген бизде көп.
Сатып алсаң деле болот парага.
Ичир, жедир, бата сура, уялба,
Илип койгун бир учугун куранга.
Кайран кыргыз өлүмдү да кечирет,
Калсаң деле боло берет убалга.

## ДЕПУТАТ

Кара кылды как жарган калыс болуп,
Кара өзгөйлүк чырлардан алыс болуп,
Туулуп өскөн жерине өмүр арнап,
Туруш керек депутат жарык болуп.
Жердин наркын, эл наркын билиш керек,
Жетим-жесир майыпты сүйүш керек,
Жүрөгүндө кенедей карасы жок,
Жүзү жарык нурданып жүрүш керек.
Күзгү болуп чагылып башкаларга,
Күндөй тийип карыга, жаш балага,
Күлүк болуп тыбыра, мыйзам жазып,
Күндө сүйлө сессияда, башкалаада.
Баштыгыңа байлыкты салып албай,
Баарын эле энчилеп алып албай,
Кереӊ болбой, тереӊ бол жаттап алгын,
Кем-каржысын элиңдин жадыбалдай.
Журтуң сени айландырсын ырына,
Жубайы да элдин толсун сынына,
Үтүктөлүп үлгү болсун жаркырап,
Депутаттын көйнөгү да, шымы да.



## ПИКЕТЧИЛЕР

Бири жүрөт өз укугун талашып,
Бири жүрөт курбусуна жанашып.
Бири жүрөт мыйзам үчүн жан ачып,
Билип – билбей эмнеге келгенин,
Бири жүрөт делөөрүмө адашып.
Бири жүрөт кайра жаңы жаралып,
Бири жүрөт эки жагын каранып.
Келгендигин колко кылып «төлө» деп,
Кээ бирлери жарыбаган пара алып.
Мыйзам атын же максатын билбеген,
Маңкурт болгон пикетчиден тажадык.
Бири жүрөт тууганына жаны ачып,
Бири жүрөт бийлигине жанашып.
Кулчулуктан такыр өйдө боло албай,
Кудай урган көр намысын талашып.
Үйүн көздөй кетпей, жетпей жүрүшөт,
Үч жүз, беш жүз сом алганын санашып.
Чыр чыгарган аялдардан ийменип,
Чиновниктер чыкпай калды сүйрөлүп.
Мына сага ээн ооз, ээн баш,
Мыйзамыңды укпадык да билбедик.
Он, он беш жыл Акаевдин заманы,
Ошолорго жакшы болчу а дагы.
Көчмөн болуп, кете жаздап калыпбыз,
Көөнөрбөгөн кайран кыргыз баягы.
Топ-топ болуп улам каптап Таласты,
Томуктай бир депутаттык талашты.
Ыйман кетип, ызаат кетип баратат,
Ызаланган кечтер кирип, таң атты.

Жаңы демди билип-билбей турса аны,
Жакалады губернатор мырзаны.
Эл дегениң суудай болот турбайбы,
Эбин таап, болот экен бурса аны.
Суусап ичип, суудай ичип арагын,
Сурап ичип, кулап ичип тамагын.
Шайлоочуга пара берди талапкер,
Кантын, чайын жана идиш-аягын.
Кагылайын кыргыз кайда барасың,
Карасаңчы келечегин балаңдын…

## АЯЛ ЖАНА КЫЙМЫЛ

Чокуга чуркайм көйнөгүм кызыл чок болуп,
Чоочубай жаттан көңүлүм шайдоот шок болуп.
Келдиңби мезгил, жүрөгүм күткөн бүт өмүр,
Кечигип өмүр кала элек кезде токтолуп.
Саясат иши сапырып акты, караны,
Сабыр кыл сезим, Мекенин сүйгөн саналуу.
Көп көргөн элем элин да жерин сатканды,
Көпүрө болгом жүрөгүм менен жаралуу.
Солкулдап турган Мекендин күрөө тамыры,
Согушу анын денемди өткөн аралап.
Канчалык оор болсо да өткөн мезгилим,
Карайлап кылам жакшылык үчүн далаалат.
Ата-Жур сенин ыраңың өчсө өлгөнүм,
Ата-Журт сенин кубанычың өсүп-өнгөнүм.
Томсоргон жокмун, тоодойдур мага бергениң,
Торолуп алып, томуктай нерсе бербедим.
Келдиңби мезгил жат боло көрбө күткөнүм,
Кесерип сен деп эңсегем, ооруп бүткөмүн.



Өстүрдүм дарак Мекенге тий деп кереги,
Өмүрүн сурап көчөттөр түбүн түптөдүм.

## ОППОЗИЦИЯ

Таарынба тагдырыңа,
баары сен күтпөгөндөй бурулганга
Таалайсыз тагдырлашың,
табышмак хамелеондой кубулганга.
Жал куйруктуу жаалы бар,
Жанына жан жолотпогон.
Жаманын көрсөң дагы,
Жан берип өлсөң дагы тоготпогон.
Жан-дүйнөң жаа кылып,
Атсаң дагы ок өтпөгөн,
Сенин карашың…
Музу эриген аралдай шалдыраган,
Муң кайгысы ичинде салбыраган.
Миң кыргыздын бирөөсү оппозиция,
Тогуз жүз токсон тогузу жалдыраган.

## ОК. ДЕПУТАТ жана МЕН

Ок тийди,
Кимге тийди?
Ободо Күнгө тийди,
Онтоду округдар,
Оо кудай минге тийди.
Ок атты,
Кимдер атты?
Киши эмес, киллер атты.
Кир болгон бийлик, байлык,
Криминал, жиндер атты.

Атылды депутаттар,
Сатылды депутаттар.
«Төө кыядан өтүп кетти»,
Бакырды депутаттар.
Добушум бердим эле,
Деп ойлоп бизди сактаар…

Сактай албай мени да тилимди да,
Сасык иштер заматта билинди да.
Чындык сага зар болдум, эркин туруп,
Чыгара албай бышактап үнүмдүү да…

Далай күндөр жүгүрүп үгүт менен,
Добушумду берди элем үмүт менен.
Күтүнүп жакшылыкты жүрдүк эле,
Күйдүрдүң ыймансыздар, бирикпеген.

Ок тийди, парламентке, сага дагы,
Онтоду кыргыз тоосу, талаалары.
Орошон кайран элим, өкүрүп тур,
Ошол ок жүрөгүмдү аралады,
Ок тийди сага дагы, мага дагы…

## БИЙЛИГИҢ КЫЗЫЛ ТҮЛКҮБҮ?

Ак барак сага из салдым,
Акимге кайрып тиш салдым.

Ак барагым тытылды,
Акимиң кайра кутурду.

Көк барак сага из салдым,
Көпкөнгө кайрып тиш салдым,

Көк барагым тытылды,
Көпкөндөр кайра кутурду.



Бийликти алды буйлалап,
Билишинче жулмалап.

Кызматты алды буйлалап,
Каалашынча жулмалап.

Көмөчүнө чок тартып,
Көр дүйнөнү оп тартып.

Токочуна чок тартып,
Токчулукту оп тартып.

Толтура дүйнө сандыгы,
Толуп жатат жандыгы.

Чоң жайлоодо карасы,
Чоң окууда баласы.

Кызынын тынып санаасы,
Кызматчы күйөө баласы.

Ак жибек кийген аялы
Ак мармар салган сарайы.

Бир келген өмүр түркүгү,
Бийлигиң кызыл түлкүбү.

Түлкүнү атар мерген бар,
Түпкүчтөй жаасын керген бар.

Эл менен түлкү ойнобо,
Эбиңди таап ойдоло.

Шайлоону бузган эл бузар,
Шаштысы кетип тер кысар.

## ЖҮДӨДҮ АК ҮЙ ИМАРАТ

Ак үйдөн шайлоо бузулду,
Акыйкат кылбай утулду.
Кыжыры элдин кайнады,
Кыжылдап күчөп жаңжалы.

Тотудай аял бакырып,
Топ – топтоп элди чакырып.
Бойтойгон аял жулунду,
Ботодой үнү угулду.
Жүдөдү ак үй имарат,
Жүрөктүн эркин Ким алат.
Аксады  Ак үй имарат,
Адамдын эркин Ким алат.
Калысытк кылгын адамга,
Камалба бийлик камалба

## НААЛАТЫ

Аксакал эле атаңды саттың,
Абийириң төгүп дүнүйө таптың.
Жаштыктын сүрбөй дооранын мүнөт,
Жагынып чоңго жаныңды бактың.
Унуттуң шаттык күлкүлөр кайда,
Убайым жедиң тапсам деп пайда.
Бетиңди чоктой кызартып кыйла,
Берилип кеттиң иштерге майда.
Тезектен баштап темирди «жедиң»,
Теминдиң жанды, өмүрдү жедиң.
Дардайган тамдын ич – тышы толо,
Дарбазаң бекип, мунум аз дедиң.

## АСАКЕМ биздин ЕСЕНИН
(көзү өтүп кеткен акын Асан Токоевге)

Ыйманга балта чаппаган,
Ышкысы барды таптаган.



Буурул түндөй буурулсуз,
Бутунан бир аз аксаган.
Көрбөйт деп көзүм күйбөгөн,
Көңүлү менен сүйлөгөн.
Табынар жансыз билгенге,
Табылбайт сиздей дүйнөдөн.
Көрбөгөм сиздей кулүктөн,
Көңүлдү жазып жибиткен.
Көр оокат деп биз жүрсөк,
Көрүнөсүз бийиктен.
Баягы акын аксаган,
Базарга күндө каттаган.
Бир күнү акын жок чыгар,
Баш оорусун жазбаган.
Кичине бозо ичкени,
Ким билет сырды ичтеги.
Айтсам деп турам чынында,
Асакем Пушкин биздеги
Ал турмуш тапкан эсебин,
Асабын тарткан кесенин.
Ардактап койсок болбойбу,
Асакем биздин Есенин!

## ШАЙЛООБЕК ДҮЙШЕЕВге

Барбандаган ырлары мурун болуп,
Байлоодогу туйлаган кулун болуп.
Байкуштардын баштарын сылап өтүп,
Бай-бийликке, ок болуп, зулум болуп.
Жадыраган ырлары жайлоо болуп,
Жардыларга жүрөгүн арноо болуп.

Абири бар керемет, кереги бар,
Ар бир ыры Кыргызга Шайлоо болуп.
Опурулбай ок болуп тешип өткөн,
Он мизи бар кылычтай кесип өткөн
Борошондуу таланты боргулданып,
Болбос чыгар өзүндөй сезими өктөм.

## ДОБУЛБАС УРУП – СААДАК КАК

(Чынара Жакыповага)

Шаа жеткиз эрдик – көзүңдө турат чоң шаттык,
Шаттыктан ары алоолоп турган үмүтүң.
Ишиңден көрөм кыргызга болгон сүйүүңдү,
Ишеним берет жайдары – жаркын жүрүшүң.
Шарт этип чындык ачылган күндөй сөздөрүң,
Шартын да билип, кайгысын сезип өзгөнүн.
Көпкүлөң чоңду чокуга чаап жыктың да,
Көкбөрү кылып тартып бир кеттиң көптөрүн.
Ыркыңды кошпой элди жеп турган байларга,
Ыгын таап чыктың дем берген элдик майданга.
Чыгыштын дагы, Кыргыздын кызы – Чынара,
Чын оюм айтсам жылдызсың бүткөн маңдайга.
Чынара – биздин заманга шайкеш датка кыз,
Чындыкка жетпей чырылдап турган ачка кыз.
Дооруң келди тизгинди бекем тарта көр,
Добулбас уруп, саадакты кагып баштаңыз!…

***Нобель сыйлыгына корсотулгон мага пикирлеш, демократия жолунда талыкпай кызмат кылып келе жатышкан Кыргыз айымдарына арнаймын***



## АЗИЗА АБДУРАСУЛОВА -

укук коргоочу, саясий аң-сезидүүлүктү
туу туткан айым

Азап тартып адам деп чебеленген,
Акыйкат деп көз жашы себеленген.
Акаевдин заманы, Аксы, кырсык…
Азизанын укугу тебеленген.
Капалыгы көзүнөн таркабады,
Кагуу жеди, камалды, чарчабады.
Кара башын калкына сайып коюп,
Канчаларды кырсыктан калкалады.

## БҮБҮСАРА РЫСКУЛОВА –

кор болгон, укугу тебеленген аялдарды коргоп
келечекке, жакшы жашоого үндөгөн айым

Бүбүсара эже тынбаган,
Кызматы калбай кылбаган.
Жабыккан жанга кенедей,
Жардамы тийсе жыргаган.
Аялды көрсө кор болгон,
Акырын барып колдогон.
Калбайт ал коом ишинен,
Калса да мейли олждон.

93545-2Ю

## ТӨЛӨЙКАН ИСМАИЛОВА –
хан, бегиңден кайра тартпай, коррупцияга каршы аттанган айым

Сезимдүү көзү – алайган,
Сергексиң биздин Төлөйкан.
Алгалап Ата-Журт дедиң,
Артыңда калды далай жан.
Бийликтин ырын ырдабай,
Биригип куунап-жыргабай.
Жан-дилиң менен иштедиң,
Жан-дүйнөңдү булгабай…

## РАЯ КАДЫРОВА –
адамдарды сабырдуулукка чакырып, түндүк менен түштүктө бел чечпей кызмат кылган айым

Сабырдуу, сырдуу, табышмак,
Тапканын элге багыштап.
Ыраазы кылып эл жерди,
Рая дайым калыс жак.
Байма-бай каттап батышка,
Байыйм деп баары жатышса.
Сүңгүдүң кирип тереңге,
Сүйрөйм деп элди ачыкка…

## НЕ ПАЙДА
Чокчойгон чоңдон не пайда,
Чогуңа күйүп жанбаса,
Кыйналып кыргыз турганда,
Кылчайып ага барбаса.



Жетекчиден не пайда,
Желектей желбиребесе,
Жерим, элим деп күйүп,
Же сүйүп элжиребесе…
Кызматчыдан не пайда,
Кыргыздын тилин билбесе,
Өзүнүкүн жат тутуп,
Өгөй тилде сүйлөсө.
Акимдерден не пайда,
Абалын элдин сезбесе,
Адамдардын тагдырын,
Адилеттүү чечпесе.
Сотторуңдан не пайда,
Cooп ишин кылбаса,
Бап келтирип мыйзамын,
Парасын жеп жыргаса.
Депутаттан не пайда,
Демилгеси жок болсо,
Дуулап кара башы үчүн,
Дубанага окшосо.
Башкармадан не пайда,
Башын элдин кошпосо,
Баягы жетим – жесирлер,
Дагы эле жетпей боздосо.

## ЫНТЫМАК

Ысыган бойду суутпаган ынтымак,
Ыпылас ишке жуутпаган ынтымак.
Чылбырын анын албасаң бекем колуңа,
Чындыгың качып чырпыгын куурап чыр чыгат.

Ынтымак өзү сага да мага эң керек,
Өмүрдү улап, жашоону сергек дем берет.
Түрүлгөн байлык, түркүн – түз улут эл келет,
Дүйнөдө сага билбеймин эмне тең келет.
Ыр-чыры толо бир далай өмүр сүрдүк го,
Ынтымак сени урматтай албай жүрдүк го.
Кезегин далай кетирип алып аттиң деп,
Кече эле бүгүн кадырың сенин билдик го.

## КОРКОМ

Каардан коркпойм, карыздан корком,
Жаалдан коркпойм, намыздан корком.
Бейишке чейин тозоктор канча,
Бергенден мурун алыштан корком.
Жол карап, зарлап күткөндөн корком,
Жосунсуз жолго түшкөндөн корком.
Ар намыс, абийир, уяттын баарын,
Аракка кошуп ичкенден корком.
Дүнүйө деген тилектен корком,
Түрүлгөн муштум билектен корком.
Муң кайгы билбес, сүйүүнү билбес,
Муз болуп калган жүрөктөн корком.
Бөөдө кайгы өлүмдөн корком,
Бөйрөктөн-шыйрак төгүндөн корком.
Ак төө карды жарылган кезде,
Дан албай калган эгинден корком.
Уясын бузган качкындан корком,
Убада бузган саткындан корком.
Бөрсөйгөн курсак кулу бир болгон,
Бөтөгө бөлгөн жаатчылдан корком.



«Дужурлук» кылган чалдардан корком,
Дүйнө мүлк кууган балдардан корком.
Чырылдап турган чындыкты урган,
Чымкый бир кара жалгандан корком.

## КҮНӨӨЛҮСҮҢ СЕН ӨЗҮҢ

Ырлар жаздым, кызыкпадым акчага,
Бала бактым башчы болуп бакчага.
Көчөдөгү байкуш башын сыладым,
Көөдөн кирдеп, көздөн жашым акса да.
Ой кандай көп, көп карыптар аябай,
Ооруу, жетим, жалгыз кедей адашкан.
Куурадым, - дейт чекем бир күн жылыбай,
Кусмат кылып бу тирликтен жадашкан.
Көптү көрдүм, сатып кетти далайлар,
Көңүлүмдү көтөрүштү айрымдар.
Уят кылбай жарым кылым жашоомдо,
Урматтаган Үрмаралдай айылым бар.
Он эки мүчөң тегиз туруп кор болсоң,
Өз жериңде оокатың өтпөй кордолсоң.
Жадыраган күн бербесе жылуулук,
Жүрөгүнө түбөлүк муз орносо.
Ким күнөөлүү?!.
Күнөөлүсүң сен өзүң,
Зор бакытты,
Сезбей жүрүп өлөсүң!..

## КЫРГЫЗ АЯЛДАРЫНЫН БИЙЛИККЕ ЖАЗГАН АЧЫК КАТЫ

Мырзасызбы, бийликжан, төрөсүзбү,
Мында аялдын тагдырын көрөсүзбү.
Аппак жоолук делбирдин азабы көп,
Анча-мынча көңүлдү бөлөсүзбү.
Айдай болгон бетибиз туурулду го,
Ак-карага этибиз жуурулду го.
Азабы көп азыркы базарыңдын,
Ак берметтей тишибиз суурулду го…
Жылтыраган өңүбүз түңүрөйүп,
Жылуулук аз сезимде үңүрөйүп.
Жүрөгүмдү шалаалап тилип келет,
Жүдөө келин көрүнсө шүмүрөйүп.
Аял алп деп, аял нар деп алдайсыңар,
Ал-абалын билүүгө кандайсыңар.
Андай болсо канакей татыктууңар,
Аким кылып аларды албайсыңар.
Депутаттан бирөө жок «көзгө сүртөр»,
Дердеңдеген «МЫРЗА» көп төшкө түртөр.
Кайран кыргыз АЯЛды кордоду деп,
Капа болуп батууда көктөгү «Үркөр».
Кыйла иш жасап «жезделер», «бөлөлөрү»,
Кыз келиндин көрүнбөй төбөлөрү.
Шайлоо сайын кыздарын көмөлөткөн,
Шаа мүйүздүү кыргыздын «төрөлөрү».
Ушуларды бийлик жан ойлойсузбу,
Ыгы келди бир чекит койбойсузбу.
«Демаралдан» дем алган аялдар көп,
Деги канча күтөбүз болбойсузбу.



## АРАБАСЫН ТУРМУШТУН ТҮРТҮП КЕЛЕМ

Азып-тозуп жүк артып илкип келем,
Арабасын турмуштун түртүп келем,
Таңдын аппак нурларын ар күн сайын,
Тамылжытып жүзүмө сүртүп келем.
Кыйналуудан ыракат тапкан жакшы,
Кыйма-чийме турмушка баткан жакшы.
Өмүр турса туйлаган тулпар болуп,
Өзөнүндө жашоонун аккан жакшы.
Ырдап, ыйлап күндөрдү өрүп келем,
Ыракатын жашоонун көрүп келем.
Кырк бир жолу жыргасам ыракаттуу,
Кырк бир жолу кырс этип өлүп келем.
Өйдө жактан калкысам суу үстүнө,
Ошончо ирет түбүнө чөгүп келем.

## ДУШМАН КҮТПӨЙМ, ЭГЕР БОЛСО ЖЕҢЕМИН

Санжыралуу өмүр сүрдүм калп эмес,
Мактаныч эмес, атак эмес, даңк эмес.
Тарбиялап канча бала өстүрдүм,
Таласымды таштай албай көп жүрдүм.
Бек отурдум кете албадым Таластан,
Бешенеме жазган окшойт жараткан.
Убайым жеп кайра аны унуттум,
Ушул күнгө маңдайымды жылыттым.
Нан, туз наркын азыр жакшы билемин,
Наадандыктан алыс болуу тилегим.
Дин, саясат, коом иши азгырат,
Дил мекенге кызмат өтөө жакшыраак.

Кары энемди келет күндө сүйүнткүм,
Калт-калт эткен жиби өңдөнгөн ийиктин.
Торко кийип, топурактын үстүндө,
Топук кылып жүргөн үчүн бийикмин.
Турмуш чаар ала-була дарбызсың,
Тууган-достун угузбасын каргышын.
Душман күтпөйм, эгер болсо жеңемин,
Ошондуктан тагдырымда энемин.

## ЗАМАНА СЕНИН КӨЧҮҢ КАЙДА БАРАТ

Замана көчүң сенин кайда барат,
Сабыңды бузуп салды майда-барат.
Жолу тар, боору жарты, көңүлү кир,
Жокчулук жонго чаап айдап алат.
Керсейген кампачың бар буту баткак,
Кесири элге тийген колу туткак.
Дырдыйган кийими жок дыйканың бар,
Дым этпей жайы – кышы жатат уктап.
Аракка чабан көрдүм жанын берген,
Айдап келип алмашып малын берген.
Апанын аппак сүтүн актабаган,
Ант урган намысын да арын берген.
Замана көчүң сенин сабыркаган,
Зарыгып жакшылык деп жабыркаган.
Нечен бек, ханзааданын башын жеген,
Не болуп, не өтпөгөн байыртадан.

***



Ичиме кеткен жаракам,
Ичкичтер сенин залакаң.
Көңүлгө кеткен жаракам
Коркоолор Сенин залакан
Көп уккам жомок-дастанды,
Көөнүмдө алар жат калды.
Көмүлдү дөө, шаа канчалар,
Көөнөрбөс Жер, Суу, Таш калды.
Уламыш уккам, ыр уккам,
Улукман жөндүү сыр уккам.
Падыша, хандар тууралуу,
Баштарын алган чыр уккам.
Манаптар кумдай куюлуп,
Манастай болгон эр калган.
Капчыгы толгон жок болуп,
Калдайган кайран жер калган.

## АЧ КӨЗ
(легенда)

Бир кемпир – чал жашаптыр,
Бир миң жыл мурун Таласта.
Окуя, жомок дастандар,
Оозунда элдин калат да…
Абышка чыгып токсонго,
Кемпири чыгып сексенге.
Артында күйөр туяк жок,
Акрет тартып кеткенде.
Кыбырап кемпир чалына,
Кыябын таап, сөз салды.
Кызык күн бүттү абышкам,
Кыямат кетер көз калды.

Армандуу азап дүнүйө,
Ал кетип барат күнүгө.
Адамдык сынды жоготуп,
Айланып арбак түрүнө.

Миң жерди тешип көз кылган,
Миң-Булак айылы нары эле.
Агынды отун мол жээги,
Аралда чоң суу бар эле.

\- Бар, - деди кемпир аралга,
Агынды чогулт жагарга.
Жагылсын өлсөк улуу от,
Жаман ой турат санаамда.

«Үйүрлүү – Марал» атанган,
Өзөндү көздөп чал кетти.
Үзүлүп бели чекчейип,
Үшкүрүп чарчап ал кетти.

Карынын алы кетсе да,
Отундан терип көтөрдү.
Обдула албай темтеңдеп,
Оозу кургап жөтөлдү.

Онтолоп дене от болуп,
Жылуунга чалда дарман жок.
\- Таңдайга тамчы суу болсо,
Оо кудай таалам! – арман жок

… деп кары тилеп тамчы суу,
Денесин бир аз копшоду.
Кулакка жылуу, ойго жат,
Булактын үнү окшоду.

Акырын оңго бурулса,
Арашан булак атылат.
Араңдан жетип абышка,
Андан жутту азыраак.



Ошол замат абышка,
Уктап кетти мемиреп.
Жигит болуп түшүндө,
Жүрөгү туйлап элирет.

Канча өткөнүн ким билет,
Уйкудан көзү ачылды.
Үстүнө салып отунун,
Үйүн көздөй шашылды.

Жыйырмага жаңы келгенсип,
Желдей сызып баратты.
Сый кылган окшойт мол булак,
Сыйкырдуу мындай «канатты».

Тынчыбай кемпир санаасы,
Издеп чыккан күн бата.
Бир жигит чыкты алдынан,
Кулунум! – деди үн ката.

Ээ балам отун көтөргөн,
Көрдүңбү бир абышка.
Агарган таңда кетти эле,
Аралдан отун алышка.

Күлдү жигит карсылдап,
\- Алжыбай кемпир турсаңчы.
Андан көрө жакшылап,
Абышкаңа көңүл бурсаңчы.

Абышкаң турат алдыңда,
Жакшылап кара кемпирим.
Сыйкырдуу булак туш болуп,
Жаштыкка канат серпидим.

Көп таң калбай кемпирим,
Булакты көздөй чуркагын.
Кайрылат жашың он сегиз,
Кана-кана ууртгагын.

Көңүлү дегдеп кемпирдин,
Көзүнөн жашы төгүлдү.
Алды жактан жылтылдап,
Арашан булак көрүндү.

Суусуну канып калса да,
Жута берди мүрөктү.
Элестетип оюнда,
Он сегиз жашар чүрөктү.

Бирок ээсин жоготуп,
Кичирейди денеси.
Унутулду аздан соң,
Абышканын элеси.

Отунду таштап үйүнө,
Кемпирди тосуп келмекке.
Абышка чыкты утурлап,
Бактысын чогуу бөлмөккө.

Жолдо жок кемпир көрүнбөйт,
Көз салды туш-туш тарапка.
Ыйлаган бала ыңаалайт,
Булакты көздөй баратса.

Күбүрөп булак үн салып,
Гүлгө оронуп жыш талаа.
Кыңылдап ыйлайт кызыл эт,
Кымындай болгон кыз бала.

Көп ичип кемпир мүрөктөн,
Ач көздүк кылып аябай.
Кыңылдап ыйлап калган дейт,
Кылымдар бою баладай.



# КАРА ӨЗГӨЙ

Алкынтып машинасын,
Алактап айдап келет.
Опуза кылгандардын,
Ооздорун майлап келет.

Жулкутуп жигулисин,
Жулунтуп айдап келет.
Жутамын дегендердин,
Жумурун майлап келет.

Кызылды кесип келет,
Кыраанды кечип келет.
Чыйрыгып жакшылыктан,
Чындыктан безип келет.

Ырдабай ыйлап келет,
Өз жанын кыйнап келет.
Жатындаш жакындабай,
Жаттарды сыйлап келет.

Жалааны жаап келет,
Жамандык таап келет.
Жарыбай өтүп кетер,
Жакшыны каап келет.

Кара өзгөй оюу кара,
Кармаса колу кара.
Башында арам максат,
Басканда жолу кара.

## КАЛЫС

Капалыктан ар убак алыс бололу,
Кара кылды как жарган калыс бололу.
Шарап эмес ыр сунам жүрөгүмдөн,
Кана эмесе ак дилден алып коелу.
Калыс деген сөз өзү бийик турат.
Карасы жок ак тилек кийип турат.
Таразалап салмагын ар бир сөздүн,
Таланттарды калыстар сүйүп турат.
Калыс деген эл болот таразалуу,
Капалыкты айдайлы, жарашалы.
Орду менен жок кылып салалычы,
Ортобузга жик салган жараканы.

## ЖАЛГЫЗЫМ, ЖАЛГЫЗ ГАНА МЕКЕНИМ БАР

Жалгызым, сыймыктанар, сүйөнөрүм,
Жалбырттап сүйүп турар бир өнөрүм.
Мекеним эне-атамдын эне-атасы,
Мекеним мени менен бир өлөрүм.
Эреклеп коюнунда тайрандадым,
Эрке өстүм, эркин өстүм сайрандадым.
Чырпыктай кезден сүйдүм Мекенимди,
Чындыкты бетке айткандан тайманбадым.
Жалгызым, жалгыз гана мекеним бар,
Мекенде эртеңим бар кечээгим бар.
Өмүр бер, тагдырымды арнап сага,
Өзүңө кызмат өтөп кетерим бар.



## ТӨРТ МЕЗГИЛИМ

Өрт өңдөнгөн, от өңдөнгөн жалбырак,
Күч-кубатын жоготкондой шалдырап.
Күлкүсү суз кыз өңдөнгөн булуттуу,
Күндүн көзү тиктеп турат жалдырап.
Шамалына, жамгырына кайылбы,
Аппак дене калтыраган кайыңды.
Кусалыгы күздүн толуп көзүнө,
Кучагына кыса албады жанымды.
Жалгыз жаңгак үйдөн ары муңайым,
Ал да сары тарттырыптыр ыраңын.
Төгүп турган адамзатка мээримин,
Төрт мезгилим аман болсун ылайым.
Аман болсун ынтымагы элимдин,
Аман болсун чар -тарабы жеримдин.
Уруш-талаш, чыр чыкпасын бул күздө,
Багы ачылсын жаңы келген келиндин.
Төрт мезгилим, төрт тарабым келишкен,
Төп келишпейт мамилелер неликтен.
Жетпей турат доорубузга азыраак,
Жакшы адамдар жан дүйнөнү эргиткен.

## ӨЧӨ КӨРБӨ ҮМҮТҮМ

Абдан оор капкараңгы түндү мен,
Агартмакка шам чыракты жандыргам.
Бүт мекендеш болсо дегем бактылуу,
Бир күткөнүм бар эле го тагдырдан.

Шам чырагым үлпүлдөгөн үмүтүм,
Жарыгыңа жылынамын күнү-түн.
Өчө көрбө от болгончо тутанып,
Жүрөгүсүң эркиндиктен бир үзүм.

Эркиндигим колумдагы булутту,
Ээ жаа бербес шамал аны айдаба.
Эчен мырза өз очогун унутту,
Ээ, жараткан жолун анын байлаба.

Абдан оор капкараңгы түндү мен,
Агартмакка далайларды үндөгөм.
Азаттыктын нарк-наслисин билбеген,
Адамдар көп биздин жерде миңдеген.

***

Жек көрбөйм деле бийликти,
Бирок да аны сүйө албайм.
Ээрчите албай бийликчи,
Элине жылт деп күйө албай.
Булуттай эркин болбодук,
Бул дагы менде бир арман.

Жаман деп айтпайм бийликти,
Жагына албайм жылмайып.
Биригип ичип, жеп талап,
Бийлигиң калды булганып.
Эл калды сыртта… А тигилер,
Бир ууч болуп ылганып.

***



Ачуу чындык, таттуусу жалган болор,
Ар адамда кандайдыр арман болор.

Убайымдуу сары-санаа кишеним бар,
Уйпалаган санааны ишеним бар.
Ишенимден бийиги болбос чыгар,
Ишенимиң түбөлүк жолдош чыгар.

***

Ачуулансаң ачуунун уусу өзүңө буюрусун,
Бузам десең бирөөнүн, бузулат өз турмушуң.
Тыя албасаң напсиңди, тоёмун деп ойлобо,
Тынчын алып бирөөнүн тагдыры менен ойнобо.
Эрте-кечпи, акыры келери чын өлүмдүн,
Эсте калар жакшылык күчү ошондо өмүрдүн.

****

Узакбы жашоо кыскабы,
Убайын көргөн бактылуу.
Арманга салып далайды,
Албасын кудай жакшыны.

***

## ҮЧ ЖҮРӨК

### БИРИНЧИ ЖҮРӨК

Ууланып сүйүү отуна,
Уландын жүзү албырып.
Уздай болгон сулууну,
Укмуштай сүйдү жалбырып.

Жаш сулуу кетпей элеси,
Жалындап күйүп денеси.

Боз улан арнап бир башын,
Болсоң деп турду сен ээси.

Жанаша барып сөз салып,
Жалбарып турду көз салып.
Жагалмай сындуу сулуу кыз,
Жарты ооз кыска кеп салып…
Жактырсаң улан соболум,
Жан эрке жарың боломун.
Жашоодун көркүн чыгарып,
Жаркырап айдай толомун.

Эртелеп үйгө баргын да,
Энеңдин төшүн жаргын да.
Жүгүрүп мага тез келгин,
Жүрөгүн суурул алгын да…
Жөнөдү ылдам эң эле,
Жээлигип жаштык делебе.
Жүзүндө турду сураныч:
«Жүрөгүң суурул бер, эне?!»

Чын эле суурул жүрөгүн,
Чыгарып алды колуна.
Чымыкый кан таамп салаадан,
Чымылдап түштү жолуна.
Аңгыча буту чалынып,
«Апаа-а» деп кулап чаңырып.
Чаңдагы эне жүрөгү,
Чабактай туйлайт жалынып:

«Жан балам катуу жыгылып,
Жаралап алба денеңди.
Жалгызым тез тур ордуңдан,
Жабыркатпай энеңди…»
Манжадан аккан кызыл кан,
Мандалак кызыл гүл болуп.



Дикилдеп эне жүрөгү,
Дилдиреп турду үн болуп…

## ЭКИНЧИ ЖҮРӨК

Илгери өткөн бир заман,
Изи бар айтар сөз болуп.
Тереңдеп тиктеп бул баян,
Телмирип турат көз болуп.
Ошол көз менин чоң атам,
Экен деп тиктеп турамын.
Мертинер жүрөк жат жерде,
Мекен деп согот, туямын.
Катаал заман саатынан,
Индуска кире качканда.
Түгөнөр суусун сезген соң,
Жүрөктүн тушун ачкан да…
Текилдеп турган жүрөгүн,
Тереңден суурул алган дейт.
Жүрөгүн берип Кыргызга,
Инудста өзү калган дейт.
Алып келип аны жан досу,
Ак кепиндеп көмгөн дейт.
Денеси калып жат жерде,
Жүрөгү журтка келген дейт!

## ҮЧҮНЧҮ ЖҮРӨК

Таңшыса булбул таң менен,
Табынан кайтпай сайрайт дейт.
Жүлүндөй күйүп ырына,
Жүрөгүн өзү жайлайт дейт.

Тотудай болгон бечара,
Топ этип жерге түшөт дейт.
Ооматы булбул тилинин,
Ошону менен бүтөт дейт…

Жүрөк де булбул жүрөгүн,
Эриген талант күчүнө.
Эркимди бийлеп ар убак,
Эр булбул кирет түшүмө.

## КУЛ

Атсам дейт чоңун бир жигит,
Аткарбай койгон талабын.
«Кул» эмес аты, бирок кул,
Курусун ушул заманың.

Айбыгат, коркот жүрөгү,
Атуудан улук төрөсүн.
Антпейин десе – күнү жок,
Тазалап жүрөт «голошүн»

## АЯЛ НАРКЫ

Толукшуган денеси Ай, башы күн,
Толуп турган, көзү жылдыз, чачы түн…
Аска сымал бийиктигиң көз жеткис,
Ак сарайдай санжыраң бар сөз жеткиз.

Чынар терек аңын кечки –
шоокуму,
Чын сүйүүгө канса канар
моокуму.
Аппак жибек анын назик кыялы,
Ар – намысы, мамилеси – куралы.



Жумшактыгы була, темир – катуусу,
Жылуулугу оттой, бороон – ачуусу.
Намысына шек келтирсең, ал ажыдаар, аял ок,
Нардай күчтүү, тоо тешкен алып – дабаа жок.

Мээримдүү аял – коргошундай эритер,
Мээримсиз аял – турмушуңду кемитер.
Айдын нуру анын сыры жүрөктө,
Айыгасың аял сени бир өпсө.

Күндүн нуру – анын ысык көңүлү,
Күрүлдөгөн жашоо аял - өңүрү.
Ачылган гүл ал аялдын күлгөнү,
Ачык асман, жашыл дарак сүйгөнү.

Башында бар акыл жана элечек,
Баатыр аял төрөйт бизге келечек.
Жупка болуп, жууркан болуп эрине,
Жуурат айран, уюткусуң элиңе.

Ар бир үйдүн шам чырагы күйгөнгө,
Ар бир эрдин Айчүрөгү сүйгөнгө.
Деги койчу айтсам сөзүм жетпеди,
Ай, Ааламдын ак канаттуу кептери.

Эми, эркегиңе бир эки ооз казал айт,
Эси болсо, ал өзүн-өзү жазалайт.
Алкаш эрдин далай тартып азабын,
Анткен менен оту өчө элек казаның.

Өөп жыттап, чоттоп багып балдарды,
Өйдөлөтүп теске салып алганды.
Ошол эрдин аппак жууп жакасын,
Ордун таап оңдоп коюп жатасың…

Бутун булгап, бузулган эр сөрөйдү
Муну дагы баягы аял төрөйбү?…
Кара мүртөз, кызыл камчы жигитпи?
Каран калгыр аял наркын билиппи…

Кумарпоздор, куучирендер, өпкөлөр,
Аялзаттын арты менен көпкөн эр.
Башын аттап улам бири алган бар,
Бала-чака ар кай жерде калган бар.
Кызматынан өз абалын оңдогон,
Кыз убалын тепсеп салып ойногон.
Чачын сылап, чачып койгон теңгесин,
Чаркым жетпейт иттигиңе… пендесиң…
Бирок аял тутка болуп үйүнө,
Күндөй чыгып, Айдай батат күнүгө.
Оо мырзалар, кай кылыгың айтайын,
Ой санаа көп кайра артыма кайтайын.
А чынында биз силерсиз кем болуп,
Силер менен бүт баарына тең болуп.
Тирүүлүктүн бар кызыгы – мырзалар,
Мен бийикмин катарыма турсаңар.
Анан калса эркектин да гүлү бар,
Арман күн ай аларың аз билип ал.
Аял наркын эч ким бычып ченегис,
Адамзатка ошон үчүн энебиз!

## АЗАТТЫК

Азаттык – муң кайгы бар абасында,
Азаттык – эркиндик бар канатында.
Азаттык – майрам турат жамалында,
Азаттык – кайгы турат кабагында.
Азаттык салкындык бар – көздөрүндө,
Азаттык айкындык бар – сөздөрүндө.
Азаттык – төрүм күтөт сени жайнап,
Азаттык – ак маңдайың өбөм аймап.



Кел эми өмүр бою күткөн конок,
Буюруса келечекте жолуң болот.

## ЛАППАЙБЕК

Сыйдам чачы көк ала,
Сый мамиле көп ага.
Чалынып, чуркап жүгүрөт,
Чакырганда төрага.
Иш кагазы жалтырайт,
Ичек-боору калтырайт.
Биздин байке Лаппайбек,
Билбегенге баркын айт.
Билимдүү бу кишини,
Бүткөрөт деп ишими.
Антип турган Лаппайбек,
Жылытпады ичими…
Төрагага төгүлөт,
Төрт тарапка сөгүлөт.
Тигил көргө жат десе,
Тирүү бойдон көмүлөт.

## ЭНЕ – АЙЫЛ

Эскерүүбү, сагынуубу, билбеймин,
Элесиң да, көзүн, сөзүн ойлодум.
Боздоп турган бото болуп жан - дүйнөм,
Болсом деле өзүм эне ордолуу…

Жылуу-жумшак мамилеси, түз сөзү,
Жыты, деми келет айыл тараптан.
Дем бергенин окшоштурам кызыма,
Демек энем жанымда экен жараткан.
Ал мен үчүн Ааламга тең жарыгы,
Ата-энемдин мени өстүргөн айылы.
Бууданын да, чобурун да сүрөгөн,
Буурул турмуш, жаагы катуу агымы.
Асман кенен, зор бекен же тар бекен,
Агымдарга каршы сүзүү бар десем.
Капа кылган кайын агамды кечирдим,
Канча жашоо, канча өмүр калды экен.
Эне – айылым акыл айтып тургансыйт,
Эстүү бол деп колун мага сунгансыйт.
Бекер экен чыр – чатактын чыгышы,
Бейпилдиктен бейиш жыты ургансыйт.

## МЕН АКЫЙКАТ ТАРАПТА

Кечил болуп кетким келет кээ бирде,
Кембагалдын көрүп кайгы-азабын.
Бууракандап аккан дайра токтобо,
Буркан-шаркан кайна рухум, казалым.
Боз күчүктөй кээде мени талаган,
Босогодон өтө албаган жалаадан.
Бычыратып сындыргың бар арымды,
Бычагыңдын учу менен караган.
Неге десең мен акыйкат тарапта,
Негедир сен өзгөрүлдүң заматта.
Боору таштын иши жылбайт алдыга,
Босогодон өтө албастан калат да.



## АРНОО - КААЛОО

Чымчыкка көктү,
Жандыкка чөптү,
Мекенге чекти
Арнаймын.
Кыздарга өңдү,
Кийикке төрдү,
Аккуунга көлдү
Каалаймын.
Аялга эрди,
Дыйканга жерди,
Баатырга белди
Каалаймын.
Атага ыйман,
Балага сыйдан,
Акынга ырдан
Берегөр.
Бийликке калыс,
Күлүккө жарыш,
Жигитке намыс
Берегөр.

## УУРДАЛГАН СҮЙҮҮ

Үй толо балдар калды,
Үшкүрүп арман калды.
Эх, байкуш аяп кетем,
Эки аял алгандарды.
Уурдалган сүйүү кыска,
Уурулар ыйла, сызда.

Улуунун улуусу уя,
Уялсаң аны бузба.
Уурдалган сүйүү муздак,
Уурулар калат сыздап.
Бактысыз ата жүрөт,
Балдарын тирүү мууздап.

## АКЧА ИЗДЕП КЕТКЕН «ДОСКО»

Сүйөм деп айттың Сибирди,
Анан да бугу, чананы.
Унутпа дедим жайлоону,
Буруксуган кымыз сабаны.
Сүйөм деп айттың кайыкты,
Туздалган кургак балыкты.
Беш-бармак, боорсок, кам каймак,
Бал-жууран андан калыппы.
Сүйөм деп айттың Тайганы,
А бизде токой жок бекен.
Арданба ачык айтканга,
Акча издеп кеткен «ДОС» десем.

## ЖЕТИМ ЫР

Агарган көктө ай жалгыз,
Адамдын буту тийбеген,
Ангырап турган жай жалгыз.
Түнүндө кара түн жалгыз,
Түшүнүп билбес сырыңды,
Түркөй бир пенде бир жалгыз.



Обочо өскөн тал жалгыз,
Ооматы келбей так эткен,
Орошон акыл жан жалгыз.
Күлүндөп чыккан күн жалгыз,
Күлбөгөн жанын жыргатып,
Күйүттү эрксиз.күң жалгыз.
Саргайып турган күз жалгыз,
Салтанат тою өтпөгөн,
Сабынан калган кыз жалгыз.
Жантайып жаткан бел жалгыз,
Жакшы ырлар келбей койгондо,
Жалынсыз күйгөн мен жалгыз.

## КӨР БАЛА
### (дастан)

Алпештеп эне өстүргөн бала,
Ай – Күндүн нурун төктүргөн бала.
Ардагы болуп бай үйдүн, берен,
Атага бетин өптүргөн бала.
Куйрук-боор тамак жедирген бала,
Кулпунса бул ким дедирген бала.
Алчактап өсүп, армансыз куунап,
Арчанын жытын себинген бала.
Торкодон төшөк салдырган бала,
Той берип чачын алдырган бала.
Шарактап куунап көңүлүн ачып,
Шаардын ичин шаң кылган бала.
Кыздарадан кыркты тандаган бала,
Кылыктууларын жандаган бала.
Кадыры бийик атасын байкап,
Карылгачтарын арбаган бала.

Окуудан окуу өткөргөн бала,
Өйдөрөөк болуп көптөрдөн бала.
Ойлонуп келер, байлыгын тактап,
Олжосун жалгыз бөктөргөн бала.
Бийликке дайым кол сунган бала,
Бийиктеп кызмат олтурган бала.
Кампасы менен капчыгын эбак,
Кампайтып абдан толтурган бала.
Суусар бөрк башта жарашкан бала,
Суусатып элди караткан бала.
Суусунду ичсе кумары канып,
Суз тартып улам бараткан бала.
Жоргону минсе чайпалган бала,
Жолу ачык болуп байкалган бала.
Жол кире төлөп, акысын берсе,
Жонунан бирөө кайтарган бала.
Атасы арып оо дүйнө салды,
Артында түптүү дүйнөсү калды.
Бир киши өттү, билинбей өчтү,
Бир кийилбеген күрмөсү калды.
Энеси ооруп кыйналды күндө,
Эч тынчтык бербей уктатпай түндө.
Тынчы жок эне тажатты аны,
Тырышып такыр көнбөгөн тилге.
Уулу айтты ага, - уктачы, тынччы,
Ушу сен эне, тынччылык кылчы.
Жөөлүбөй деги ыгы жок эле,
Жөн жатып эне, жөнүрөөк турчу.
Болбосо азыр алып барып берем,
Боткосу, сүтү, ак наны белен.
Кадырлап тосот – карылар үйү,
Каалгасы ачык – төшөгү кенен.



Дилинде эне нес боло түштү,
Денеси өлө сес боло түштү.
Көңүлдө сүйгөн сүйүүсү өчүп,
Көкүрөк чиркин без боло түштү.
Мейли мен уулум айтайын тыңда,
Мезгилим келди көнөйүн сынга.
Атаңа наалат кеп-сөзгө калба,
Алпарып салып мерездик кылба.
Шарт буруп бетин тескри карап,
Шагы шырт сынып эчкирип алат.
Былдырап турагн наристе уулун,
Быйтыйган кезин эсине салат.
Күн өткөн сайын энеси куурап,
Күлүңдөп тынбай уулу куунап.
Кор болгон эне жагдайын айтып,
Комузду күүлөп мен турам ырдап.
Кылыктуу келин түйүнчөк камдап,
Кыймылы ылдам, шыпылдап чамдап.
Ак волга даяр – карыптар үйү,
Апасын уулу алпары салмак.
Колунан тартса кыймылсыз алы,
Козголбой калган эненин чагы.
Өмүрүн берген уулунан сынып,
Өтүптүр кайран эненин жаны.
Маңкурттун жөнүн ырдасын дарак,
Маанисин түшүн түгөнбөс санат.
Эненин ыйык көз жашын кургат,
Эскерме жазган эки сап барак.

## ЭПИЛОГ:

Өрттөнүп жашын төгүптүр эне,
Өзөгү күйүп чөгүптүр эне.
Карыптар үйүн каалабай жатып,
Кайгыдан зарлап өлүптүр эне.

## БЕШИКТЕН БЕЙИТКЕ КЕТКЕН ЖОЛ

(ыр түрмөк)

1. … Ал замандан бул заман,
Термелесиң бешигим.
Бийлеп алган улуу обон,
Энелердин сезимин.

Ошол обон жаңырат,
Кулагымда түбөлүк.
Бейкут өтүп кетким бар,
Бешигиме сүйөнүп…

Таң атканда жылдыздар,
Тарап улам суюлат.
Берекелүү бу жашоо,
Бешик болуп туюлат.

***

Цыгандын арабасындай,
Токтобой жылат тирүүлүк.
Арткы күн асыл көрүнүп,
Азгырып турат күнүмдүк.

Өткөн күн изи жуулуп,
Өмүрдү сурайт күндөрүм.
Келечек үчүн керек деп,
Келептеп алам түрмөгүн.

Ал түрмөк өмүр баяным,
Арманым, бактым сакталган.



Бейитке барар бир жол бар,
Бешиктен өмүр башталган.

Жолоочу элем жолдогу,
Жоогазын эле курагым.
Кечүүдөн өтсөм ың-жыңсыз,
Кетчүдөй болуп турамын.

Жолоочу болуп жол бастым,
Жонума жүктү артынып.
Өткүн дейт тигил өйүзгө,
Өзөндүн суусу тартылып.

Өтө албайм ойлоп баламды,
Өтмөктөн ары караңгы.
Өлүмдөн коркпойм а бирок,
Өрттөгөн ал ким санаамды…

***

Мүрзөлөр кичинекей боз үйгө окшоп,
Мүнөздөрү армандуу да, сабырлуу.
Ысык өтпөйт, суук өтпөйт аларга,
Ылдый көздөй агызышат жамгырды.

Боз үй сулуу, жылуу түтүн булаган,
Боз топурак мүрзөдө адам сулаган.
Экөөн тең шамал башын сылаган,
Экөө тең бирин-бири улаган.

## БАТАРЫН КҮНДҮН ОЙЛОДУМ

Күлкүмдү бүгүн жоготтум,
Күдүк ой түшүп сезимге.
Күз ырын ырдап жалбырак,
Күн чарчап батты кечинде.

Нурдансын жаным, дүйнөм деп,
Нурунан сүрттүм бетиме.
Түбөлүк тиер Улуу күн,
Түшүрөм сени эсиме.

Туйланбай тулпар жүрөгүм,
Туйгундай сызбай ойлорум.
Бардыгын таштап тунжурап,
Батарын күндүн ойлодум

## ӨТПӨ ӨМҮР

Алтымышта киши айтат,
Элүү озү сонун деп.
Элүүдөгү кишиден,
Кырктагы угат сонун кеп.

А кырктагы отузга,
Аябастан кызыгат,
Келин болсо керилген,
Кеп кылганы кыз убак.

****

Унутулган мүрзө үстүндө куурайды,
Уйпалайбы шамал улам ыйргайбы.
Убай жедим көрүп эски көрүстөн,
Убакытсыз келди мага бул кайгы.

Дүпүрөгөн тирүүлүктүн таскагы ,
Түбөлүктүү жерге келип жатмагы.
Белден ылдый жерде турат аягым,
Бешикте эле өмүрүмдүн баш жагы…

***

2